# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

# ТОКТОМ

2018-жылдын 28-марты № 157

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кесиптик жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кесиптик жогорку жана орто билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу укуктук ченемдик актыларды жакшыртуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялыкМыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 2-июнундагы № 404 "Абитуриенттерди жалпы республикалык тестирлөө жүргүзүүнү жана мамлекеттик билим берүү гранттарын конкурстук бөлүштүрүүнү жөнгө салуучу жоболорду бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталган токтом менен бекитилген Абитуриенттерди жалпы республикалык тестирлөө жөнүндө жободо:

- 2-пунктундагы "мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде жана жогорку окуу жайларынын контракттык бөлүмдөрүндө" деген сөздөр алып салынсын;

- 3-пунктундагы төртүнчү сүйлөм алып салынсын;

- 6-пунктундагы "контракт" деген сөз "келишим" деген сөз менен алмаштырылсын;

- 10-пунктундагы "киргизилген абитуриенттердин документтеринин көчүрмөлөрүн тиешелүү жогорку окуу жайларына берет" деген сөздөр алып салынсын;

- 13-пунктундагы сегизинчи жана тогузунчу абзацтарындагы "контрактка" деген сөз "келишимге" деген сөз менен алмаштырылсын;

- 17-пунктундагы "окуучуларга" деген сөз "абитуриенттерге" деген сөз менен алмаштырылсын;

- 18-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"18. Белгиленген мөөнөттө каттоодон өтпөй калган жактар, министрлик менен бирдикте КТК аныктаган мөөнөттө каттала алышат.";

- 21-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"21. Тестирлөөнү өткөрүү ордун жана мөөнөтүн министрлик менен макулдашуу боюнча КТК аныктайт.";

- 26-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"26. Кандайдыр бир себептерден улам тестке катышпай калган абитуриенттер КТК министрлик менен бирге аныктаган мөөнөттө ошол жылы бир ирет тесттен өтүүгө укуктуу.";

- 28-пунктундагы "КТК белгилеген жана жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу жарыяланган жерлерде, же" деген сөздөр алып салынсын;

- 32-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"32. КТК төмөнкү учурларда абитуриентти кайрадан тесттен өткөрүүгө укуктуу:

- абитуриент тестирлөө эрежелерин бузса;

- тестирлөө аяктагандан кийин КТК өткөргөн документтерди текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча тестирлөөнү каттоодон өткөн абитуриент эмес, башка адам тапшыргандыгына шектенүү жаралса.";

2) аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жогорку окуу жайларында студенттерди окутуу үчүн мамлекеттик жалпы билим берүүчү гранттар жөнүндө жобонун:

- 4-пунктундагы экинчи сүйлөм алып салынсын;

- 8-пунктундагы сегизинчи абзацта "стенддеги" деген сөздөн кийин "жана ЖОЖдун сайтындагы" деген сөздөр менен толукталсын;

- 9-1 - 9-3 пункттары күчүн жоготту деп таанылсын;

- 19-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"19. Гранттар боюнча окууга конкурстан өтпөй калган абитуриенттер тестирлөөнүн жыйынтыктары боюнча конкурстарга катышып, кесиптик жогорку жана орто окуу жайларга окутуу наркын төлөп, келишимдин негизинде окуу үчүн, ошондой эле кесиптик орто окуу жайларга республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен кабыл алынууга укуктуу.";

- 21-пунктундагы биринчи сүйлөмдөгү "Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жана Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратынын" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 25 жана 27-пункттарындагы "ж.б." деген сөздөр алып салынсын;

- V бөлүм төмөнкүдөй мазмундагы 27-1 жана 27-2-пункттар менен толукталсын:

"27-1. Грант ээси адисти даярдоо үчүн мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмүндөгү чыгымдарды билим берүү уюмуна төмөнкү учурларда кайтарып берүүгө милдеттүү:

- педагогикалык, фармацевтикалык же медициналык адистиктер боюнча окууну аяктагандан кийин жолдомо аркылуу иштөөдөн баш тартканда;

- себепсиз же өз каалоосу менен ЖОЖдон чыгарылганда;

- келишим боюнча окуунун наркын төлөө менен окууга өткөндө же окшош эмес адистиктерге которулууга байланыштуу ЖОЖдон чыгарылганда.

27-2. Мамлекеттик билим берүү грантынын өлчөмүндө окутуу наркын кайтарып берүүдөн келишим боюнча окутуу акысын төлөө менен кайрадан окууга кабыл алынган жана окуусун аяктагандан кийин бүтүрүүчүлөрдү жекече бөлүштүрүү боюнча комиссиянын жолдомосу менен иштеп берүү милдеттенмесин аткарууга

макул болгон жактар (Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин окуу жайларында окуган адамдарды кошпогондо) бошотулат.";

- 28-пунктундагы "контракттык негизде" деген сөздөр "келишимдин негизинде окутуу акысын төлөө менен" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 27-майындагы № 256 "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына абитуриенттерди кабыл алууну жөнгө салуучу жобону бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуу тартибиндеги:

- 1.5-пунктунун биринчи сүйлөмүндөгү "белгиленген үлгүдөгү аякталбаган жогорку кесиптик билими тууралуу академиялык маалымкаты же" деген сөздөр алып салынсын;

- 1.8-пункту төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын:

"Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына чет өлкөлүк жарандарды тандоо үчүн дүйнөнүн ар кандай өлкөлөрүндө ортомчулук кызматтарды көрсөтүүчү өнөктөштөр менен жогорку окуу жайлардын ортосундагы келишимдер жогорку окуу жайларына кабыл алуу жөнүндө жарыя чыкканга чейин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашылышы керек.";

- 4.6-пунктундагы "же орто кесиптик" деген сөздөр ", кесиптик орто же жогорку" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 5.2-пунктунун биринчи абзацындагы экинчи жана үчүнчү сүйлөм төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Ар бир турда абитуриент өзү каалаган факультетинин мөөрү басылган кутусуна сертификаттын айрыма талонун салуу жолу менен бир ЖОЖду тандоого укуктуу. Айрыма талонду берүүдө милдеттүү түрдө сертификаттын түп нускасы көрсөтүлөт.";

- 8.1-пункту төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Магистратуранын сырттан окуу бөлүмүнө жана тиешелүү профилдеги орто кесиптик билим берүүнүн базасында тездетилген программага кабыл алууда гранттык жана бюджеттик негизде окуган адистиктердин жана даярдоонун педагогикалык багыттагы бүтүрүүчүлөрү берген окуу жай тарабынан күбөлөндүрүлгөн базалык жогорку кесиптик билими (бакалавр) жөнүндө дипломдун же орто кесиптик билим жөнүндө дипломдун көчүрмөсүн, гранттык же бюджеттик негизде окугандыгы жана жумушка бөлүштүрүү жөнүндө окуу жайдын маалымкатын тапшырат.";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу жөнүндө жободо:

- 2.4-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2.4. Ар бир турда грант алууга талапкер абитуриент өзү каалаган факультеттин мөөр басылып бекитилген кутусуна сертификаттын айрыма талонун салуу менен бир ЖОЖду тандоого укуктуу. Айрыма талонду берүүдө милдеттүү түрдө сертификаттын түп нускасы көрсөтүлөт.";

- 3.8-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3.8. ЖОЖго кабыл алуу жана грант алуу конкурсунда негизги жана предметтик тесттердин баллынын суммасы менен конкурска катышкан, негизги жана тийиштүү предметтик тест боюнча өтүү баллына тең же андан жогору балл топтогон абитуриенттер окууга өтүүдө артыкчылыктуу укукка ээ болушат. Эгерде конкурска

предметтик тесттин жыйынтыктары менен абитуриенттердин саны жетишсиз болсо, гранттык комиссия абитуриенттерди (медициналык жана фармацевттик адистиктерди кошпогондо) негизги тесттин жыйынтыктары боюнча окууга кабыл алууну сунуштайт.

ЖОЖго медициналык жана фармацевттик адистиктер боюнча кабыл алуу жана грант алуу конкурсуна негизги жана предметтик тесттер боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги аныктаган өтүү баллына тең же андан жогору балл топтогон абитуриенттерге гана катышууга уруксат берилет.".

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 28-майындагы № 331 "Орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарынын окутууну каржылоо механизмин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 1-1-пунктунун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Аталган жактар, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин окуу жайларында бюджеттик негизде окугандар билим берүү уюмдарынын адисти даярдоого кетирген чыгымдарын мамлекеттик билим берүү грантынын же бюджеттик негизде окутуу наркынын өлчөмүндө төмөнкү учурларда кайтарып берүүгө милдеттүү:

- окууну аяктагандан кийин жолдомо боюнча иштөөдөн баш тарткан учурда;

- орто кесиптик окуу жайларынан, ЖОЖдон себепсиз же өз каалоосу менен окуудан чыгарылганда;

- орто кесиптик окуу жайларынан, ЖОЖдон наркын төлөө менен келишим боюнча окууга өткөндө же окшош эмес адистиктерге которулууга байланыштуу окуудан чыгарылганда.";

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Орто кесиптик жана жогорку билим берүүчү уюмдарынын окутууну каржылоо механизминде:

- 10-пункту төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Даярдоонун башка адистиктери жана багыттарына кабыл алынган биринчи курстун студенттери менен Министрлик бекиткен типтүү форма боюнча келишим түзүлөт.";

- жогоруда аталган механизмдин 1-тиркемесинде:

2.2-пункттагы:

бешинчи абзацындагы "жаш адистерди бөлүштүрүү жана ишке орноштуруу боюнча мамлекеттик комиссиянын (мындан ары - комиссия)" деген сөздөр "бүтүрүүчүлөрдү жекече бөлүштүрүү боюнча комиссиянын" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

алтынчы абзацындагы "мамлекеттик комиссиянын" деген сөздөр "бүтүрүүчүлөрдү жекече бөлүштүрүү боюнча комиссиянын" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

сегизинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- окуудан баш тарткан күнгө чейинки чыгымдар төмөнкү учурларда кайтарып берилсин:

- кесиптик орто окуу жайларынан, ЖОЖдон себепсиз же өз каалоосу менен окуудан чыгарылганда;

- кесиптик орто окуу жайларынан, ЖОЖдон наркын төлөө менен келишим боюнча окууга өткөндө же окшош эмес адистиктерге которулууга байланыштуу окуудан чыгарылганда.";

- 3.1-пункту төмөнкүдөй мазмундагы сегизинчи абзац менен толукталсын:

"- окуу наркын төлөө келишими боюнча кайрадан окууга кабыл алынган жана окуусун аяктагандан кийин жекече бөлүштүрүү комиссиясынын жолдомосу менен иштеп берүү милдеттенмесин аткарууга макул болгон жактар.".

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Премьер-министри** **С.Исаков**